2021-жылдын 14-мартында өткөрүлгөн Ботаника, ЖБД жана БОУ кафедрасынын мүчөлөрү менен өткөрүлгөн кезексиз кеңешмеси

Кафедранын мүчөлөрү – 13
Катышкандар – 13

**Күн тартибинде каралуучу маселелелер**

1. 550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча магистрдик программаларды талкуулоо.

***Угулду***: кафедра башчы Д.А.Эмилбекова кеңешменин күн тартиби менен тааныштырды. 550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча окутулуучу дисциплиналардын окуу программаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу маалымат берип өттү. Ошондой эле кафедра мүчөлөрүнө сөз берди.

Сөзгө чыккандар:

1. Б.и.к., доцент О.Коланов - Ар бир адистикке ылайыктуу предметти тандоо керек жана ошондой эле бакалаврда өтүлгөн предметтер кайталанып калбоосу керек деп билдирди."Төмөнкү түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн систематикасы"предметин киргизсек болот. "Кыргызстандын дары өсүмдөктөрүнүн көп түрдүүлүгү" деген предметтерди киргизүү керек. Андан сырткары "Иммунобиология" предметине бөлүнгөн 6 кредиттин ордуна 3 кредитин башка предметти койсо боло тургандыгын эскертти.
2. Б.и.д.,профессор Т.Жумабаева – магистратуранын жетишкендиктерине, окуу программаларындагы өзгөчөлүктөргө токтолду."Өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгү" деген предметтин ордуна "Жоголуп бара жаткан өсүмдүктөрдү рационалдуу пайдалануу", "Регионду жашылдандыруунун негиздери" же "Ош шаарын көрктөндүрүүнүн актуалдуулугу", "Жогорку мектептерде биологияны окутуу методикасынын актуалдуу проблемалары" деген предметтин ордуна"Биологияны окутуунун электрондук базасын түзүү" же "Биологиялык процесстерди моделдештирүү" деген предметтерди киргизүүгө боло тургандыгын белгиледи.
3. Б.и.к., доцент Ж.Молдалиев 550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча окутулуучу дисциплиналардын окуу программаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу стандарт жөнүндө маалымат берип, окутуунун заманбап талаптарына токтолуп өттү. Магистрлердин сунуштарын да эске алуу керектигин баса белгиледи.
4. Б.и.д.,проф. А.Т. Тажибаев- магистрлик окуу программалардын мектептин талабына туура келе турган предметтерди тандоо керектигин, магистрлердин окууну аяктаган соң лабораторияларга, илимий изилдөө иштеринде, экологияны коргоо боюнча мекемелерде иштей ала турган адистерди чыгаруу керектигин белгиледи. Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап кеңешме чечим кылат.

Чечим:

550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча түзүлгөн магистрдик программалар канааттандырарлык деп табылсын.

- Кафедра башчы: Д.А.Эмилбекова
- Катчы: А.Ж.Дурсунбаева